Жумашова Н.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# МАНАСТЫН КЕРЕМЕТТҮҮ ТӨРӨЛҮШҮ ЖАНА БАЛАЛЫК ЧАГЫ (М.ЧОКМОРОВДУН ВАРИАНТЫ БОЮНЧА)

«Манас» эпосунун традициялык сюжети, негизинен, бардык манасчылардын варианттарында бекем сакталат. Эпостун калыптанышы узак, татаал мезгилди ичине алат. Анткени кыргыз элинин тарыхы окуяларга бай, окумуштуулардын адилеттүү пикирлерине таянсак, кыргыздар – эң байыркы элдердин бири. «Манас» эпосунун сюжеттик өзөгүн чыгарманын башкы каарманы Манас баатырдын эпикалык биографиясы түзөт. Эпосто орун алган бардык окуялар Манас баатырдын образынын айланасында топтолгон, баатырдын эпикалык биографиясы менен тыгыз байланыштуу.

«Манас» эпосунун мындай өзгөчөлүгүн академик В.М.Жирмун-ский сергек баамдап, негиздүү пикирин мындай билдирет: «Основная композиционная особенность киргизской эпопеи, по сравнению с национальными эпическими циклами большинства других народов, заключается в последовательном проведении принципа генеалогической циклизации эпических сказаний вокруг центральной фигуры эпического монарха, являющегося в то же время первым богатырем своего народа, воплощением его героического самосознания» [33-бет].

Мындай өзгөчөлүк жеке гана «Манас» эпосуна мүнөздүү болбостон, түрк, монгол элдеринин баатырдык эпосторуна мүнөздүү көрүнүш экендигин академик В.М.Жирмунский баштаган окумуштуулар бир оздон белгилеп келүүдө. «Манас» эпосу биографиялык циклизация принцибинде курулган эпикалык чыгарманын классикалык үлгүсүн түзөт. Эпосто баяндоо Манас баатырдын төрөлүшү менен баштылып, анын өлүмү менен бүтөт.

Манастын кереметтүү төрөлүшү, үйлөнүшү жана анын казаттары, уруу башчылары менен болгон чатагы, «Көкөтөйдү ашы» башкы өзөктүү окуяга баш иет. Андан кийинки окуялар генеалогиялык циклизация принциби боюнча уланып, баяндоо анын уулунун жана неберелеринин эрдик иштерине өтүп уланат.

Мына ушул эпостун системалуу ырааттуу биримдиги узак, татаал көп стадиялуу өсүш жолду басып өткөн. Манас баатырдын эпикалык биографиясы акырындык менен толукталып, жаңы окуялар менен кеңейип отурду. Демек, Манас баатырдын классикалык образы узак, татаал эволюциялык өнүгүү процессинин натыйжасында ушул деңгээлге жеткен. Баатырдын кереметтүү төрөлүшү эпостун сюжетинин башталышы десек болор. Окумуштуу Р.Сарыпбековдун пикирине көңүл буруп көрөлү: «Эпостордогу каармандын образын түзүүгө киришүүдөгү биринчи кадам, адатта, анын төрөлүшүнүн өзүн баяндоо» [12-бет].

«Манас» эпосунун негизги мазмунун сырттан басып кирген кытай, калмактарга каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү түзөт. Манас эр жеткенден тартып бүт өмүрүн согуштарда, ар кандай казаттарда өткөрөт. Бирок мындан элдин жай турмушу үрп-адат, салты эпосто орун албайт деген пикир туулбашы керек. Мисалы, «Манастын төрөлүшү», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү» жана «Көкөтөйдүн ашы» өңдүү көлөмдүү бөлүктөрдө элдин жай турмушу, каада-салты, үрп-адаты кеңири сюжет түрүндө бөтөнчө көркөм баяндалганына күбө болобуз. Мына ушундай элдин жай турму- шун сүрөттөгөн окуялардын бири - Манастын кереметтүү төрөлүшү. «Манас» эпосунда жалпы эле дүйнөлүк баатырдык эпосторго мүнөздүү болгон болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшү бир катар салттык-сюжеттик мотивдер

менен коштолот.

Дүйнөлүк фольклордо, баатыр-дык эпосто бала көрбөй жүрүп балалуу болуу мотиви «Манас» эпосунда, бөтөнчө, С.Каралаев менен С.Орозбаковдун варианттарында өзүнчө жеке сюжет болуп көркөм сүрөттөлөт. Алгач эки улуу манасчынын варианттарындагы боло-чок баатырдын төрөлүшүн шарттаган салттык-сюжеттик мотивдерге кыскача токтолуп, аларды М.Чокморовдун айтуусундагы сюжеттик мотивдерге салыштырып, анализ жүргүзүүнү ылайык көрдүк.

Бул мотив элди, жерди коргой турган, каардуу душмандардан киндик кесип, кир жууган жерди бошото турган баатырдын төрөлүшүн күтүп жатканы ачык көрүнүп турат. Жогоруда эскерип кеткендей, баласыздык мотиви – дүйнөлүк фольклордо, жөө жомоктордо кеңири тараган, туруктуу бекем салтка айланган мотив. Бирок фольклордун ар кандай түрлөрүндө бул мотив ар башка мүнөздө баяндалат.

Ошондой эле С.Орозбаковдун айтуусунда баласыздык мотиви артында тукум калтыруу маанисинде гана айтылганы ачык көрүнүп турат. Ал эми С.Каралаевде болсо элдин болочок баатырдын төрөлүшүн чыдамсыздык менен күтүүсү баса белгиленген. Ырас, биз эки улуу талантты бири-бирине карама-каршы коюп, бири кыйын, бири начар деген ойду айтуудан алыспыз. Биз тек гана алардын айтуусундагы айрым сюжеттик өзгөчөлүктөргө көңүл бурдук, сюжеттик өзгөчөлүктөрүн көрсөттүк.

«Манас» эпосунда, ошондой эле дүйнөлүк фольклордо, тарыхый уламыштарда кереметтүү түштүн орду өтө олуттуу, маанилүү, маңыздуу. Кереметтүү түш − алдыда боло турган жакшылыкты же жамандыкты алдын-ала билдирген өзүнчө салттык сюжеттик мотив. Болочок баатырдын келечеги жөнүндө алгач кереметтүү түштө баяндалат. С.Каралаевдин вариантында Жакып көргөн түшүн мындай баян этет:

Түндө жатып түш көрсөм
Ала-Тоо башын жайладым,
Мен бир бала барчын бүркүт кармадым.
Журтум, кадыр түн чалар түн барбы?
Калмактан кудай куткарып,
Кыргызды көрөөр күн барбы? [45-бет].

Бүркүт, шумкар болочок баатырдын төрөлүшүнүн символу катары эпосто кеңири сүрөттөлгөн өзгөчө туруктуу ыкма. Элдин көкөйүнө көк таштай тийген каардуу калмак, кытайлардан куткара турган баатырдын төрөлүшүн бүт эл-журт чыдамсыздык менен күтүп жатканы өзгөчө көркөм сүрөттөлөт. С.Каралаев эпостогу боштондук идеяны, баатырдык духту дайыма жеткилең, терең баяндайт.

«Манас» эпосунда кереметтүү түштү жоруу да – өзүнчө мааниге ээ, салттык көрүнүш. С.Орозбаковдун вариантында да кереметтүү түш жоруу өзүнчө чоң салт катары сүрөттөлүп, эл чогулуп шаан-шөкөттөр өткөрүлөт. Түштү ар ким эле жоруй бербестен, акылман, даанышман уруу башчылары же дубана жоруйт.

Ошондой эле дүйнөлүк эпосто дагы бир мүнөздүү салттык-сюжеттик мотив – баатырдын өзгөчө төрөлүшү, энесинин толгоосу көпкө созулушу. Бул белги да баатыр баланын төрөлүшүн айгинелейт. Патриар-халдык доордун өзгөчөлүктөрү, ошол мезгилдеги кыргыз урууларынын татаал, оор, кыйын шартка кабылып элдик баатыр баланын төрөлүшүн күтүүсщ - мыйзам ченемдүү көрүнүш. С.Каралаев менен С.Орозбаковдун варианттарында эркек баланын төрөлүшүн чыдамсыздык менен күтүп жаткандыгы өзгөчө басым коюп белгиленет.

Баатыр менен анын жоого минер атынын бир күндө төрөлүшүн белгилүү окумуштуу академик В.М.Жирмунский мындайча түшүндүрөт: «Они вошли в состав этой биографии, вероятно, на самом позднем этапе её сложения как обязательные для народного сознания элементы эпической идеализации народного героя» [36-бет].

Окумуштуунун бул мотив эпоско кийин кирди деген пикирине кошулуш кыйын.

Баатырдык эпоско баатырдын аты (богатырский конь - дейт В.М.Жирмунский) кийин кириши мүмкүн эмес. Баатыр жоого минер атсыз эрдик көрсөтө албайт, жоого минер атсыз баатырдын образы толук кандуу, бардык жагынан төп келген классикалык образдын деңгээлине жетиши мүмкүн эмес. Экинчиден, баатыр менен анын жоого минер атынын бир күндө туулушу жөн гана катардагы көрүнүш эмес. Баатыр менен анын атынын тагдыры ажырагыс деген маани-маңызы терең түшүнүк камтылган.

Ошондой эле баатырдык эпостордо, жалпы эле дүйнөлүк фольклордо кеңири тараган бекем туруктуу салтка айланган дагы бир олуттуу, маанилүү салттык сюжеттик мотив бул - болочок баатырдын тентек болушу, аны койчу же уйчу тарбиялашы. С.Каралаевдин вариантында бул мотив мындай сүрөттөлөт:

Жети жаштан сегиз жаш
Бала чыгып келгенде,
Күйүп турган чок болду.
Кырк үйлүщ кыргыз ичинде,
Мындай тентек жок болду [59-бет].

Жакып баласынын тентектигин жактырбай, чочулап, капаланып, кооптонуп, тынчы кетет:

«Сенин тентектигиъ сында жок,
Теңдешип союл чабууга,
Теңиз кыргыз мында жок .

Балам, биз тентип келдик Алтайга» [60-бет] – деп, баланын шоктугуна, тентектигине Жакып наалып, мал жанымдын баарын түгөтүп бүттү деп өзүнүн малга кароо, битир экендигин билдирет (60-бет). Ал эми акылман көрөгөч, даанышман Бакай баланын тентектигине, шоктугуна кубанып, келечекте эл, жер коргогон баатыр болooруна көзү жетип, Жакыпты жемелеп турган жеринен мисал келтирип көрөлү:

Ой, ой Жакып, ой Жакып,
Тамашаңды кой, Жакып.
Береке ушул, бел ушул
Калмак турмак канчага,
Кыргын салар шер ушул,
Эркек бала шок болсун,
Мал багаар уул болгончо,
Бар болгуча жок болсун! [62-бет].

Ошондой эле дүйнөлүк эпос-тордо кеңири тараган дагы бир салттык-сюжеттик мотив болочок баатырды койчу же уйчу тарбиялашы С.Орозбаковдун вариантында мындай сүрөттөлөт.

Мал азабын балага,
Бир тарттырып көрөлү.
Жайлоодогу койчуга,
Алты ай малай берели.
Эркелетип отурбай
Катыктырып көрөлү.
Ошпур деген койчу бар,
Оңдоп койсун ошолор» [91-бет].

Түрк-монгол элдердин баатыр-дык эпосторунда болочок баатырдын биринчи эрдиги да өзүнчө салттык сюжет болуп баяндалат. Мисалы, «Алпамыш» эпосунда жети жашында, «Урак жана Мамай» эпосунда тогуз жашында, С.Орозбаковдун вариантында Манас тогуз жашында, ал эми С.Каралаевдин вариантында он эки жашында биринчи эрдигин көрсөтөт. Бул мотив В.Радлов жазып алган вариантта баатыр алты жашында деп эскертилет. «Маджму ат-товарихте» он эки жашында

эрдик көрсөтөт. Баатырдык эпосто алты, тогуз, он эки жаш эпикалык сан катары бөтөнчө маани-маңызга ээ болуп, баланы баатыр деп эсептөөгө толук негиз бар деп эсептешет. Жоокерчилик доордо жаш балдардын ата-агалары менен жоого каршы аттанышы - реалдуу көрүнүш. Мына ушундан тартып Манас баатырдын кыргыз элинин каардуу душманы болгон калмак, кытайларга каршы боштондук күрөшү башталат. Бул күрөш «Чоң казатта» Манастын өлүмү менен аяктайт. Манастын биринчи баатырдык эрдиги кыргыз элин бириктирип, аны көз каранды эместигин коргоого мүмкүндүк берет. Манас кырк чоро күтүп, чоролорунун сунушу менен аны кан көтөрүшөт.

Ошентип, Манасты ак кийизге салып, алтын такка мингизип, кан көтөрүшөт. Улуу окумуштуу ойчул Платондун устаты Сократ айткандай, «Билген адам эл башкарыш керек». Мына ушуну менен Манастын образына карата «кан», «падыша», «султан» деген туруктуу эпитеттер көркөм каражат катары кеңири колдонулат. А чынында, Манастын образында кандык бийлик, мансап-байлыкка умтулуу, өзүмчүлдүк, өз башынын кызыкчылыгын бийик коюу өңдүү терс сапаттар жок.

Эпосто Манас элдин кызыкчылыгы менен жашаган катардагы эле каарман катары сүрөттөлөт. Манас чоролору менен бирге жатып, бирге туруп, бардык кыйынчылыктарды тең бөлүшөт. Манас чоң казатка баратканда он башы Тазбайматтын карамагында катардагы жоокер болуп барат. «Манасты унуткан Тазбаймат» деген ылакаптын да өзүнчө чоң олуттуу мааниси бар. Демек, Манас - элдин урмат сыйына ээ болгон чыныгы элдик баатыр.

«Манас» эпосунда Манас баатырдын кереметтүү төрөлүшүн шарттаган салттык-сюжеттик мотивдер: баласыздык, кереметтүү түш, түштү жоруу, кереметтүү бойго бүтүү, жолборстун жүрөгүнө талгак болуу, болочок баатырдын кереметтүү төрөлүшү, балага ат коюу, тентек болушу, аны уйчу же койчу тарбиялашы, биринчи эрдиги, кырк жигит күтүп кан болушу. Мына ушул салттык-сюжеттик мотивдер, негизинен, М.Чокморовдун вариантында да бекем сакталган.

М.Чокморовдун айтуусунда Манас жалпы эле мусулмандардын коргоочусу, жактоочусу, бириктирүү-чүсү, алардын эркиндиги үчүн күрөшкөн баатыр катары айтылат. М.Чокморов башка манасчылардан айырмаланып, Манасты колдогон кырк чилтен, кайыптарга бөтөнчө басым менен көңүл бурат. Аны жырткыч айбандар колдойт. Манастын алгачкы эрдиги менен анын оолуккан жиндилиги токтолуп, оң жолго түшкөнү төмөнкүчө баяндалат:

Ошо Манас кайран эр,
Жиндилик аты өчүптүр.
Баатыр болуп токтолуп,
Башына сыймык толуптур.

«Манас» эпосундагы салттык-сюжеттик мотивдин мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө окумуштуу С.Бегалиев өзүнүн «Манас» эпосу» аттуу эмгегинде төмөнкүдөй пикирин билдирет: «Эпосто традициялык сюжеттен тышкары традициялык поэтика, композиция, көркөм ыкмалар бар экендиги белгилүү. Манасчылар эпостун ушул жалпы олуттуу белгилерин өздөштүрүшөт. Ырас, эпостун традициялык белгилерин механикалык түрдө кабыл алышпайт, көп жерлерин оңдойт, өзгөртөт, кеңейтет же кыска схема түрүндө баяндашат. Бул процессте ар бир манасчынын жеке шыгы таланты, көз карашы, ишеними чечүүчү мүнөзгө ээ» [25-бет].

Жалпысынан, «Манас» баатырдын кереметтүү төрөлүшү, балалык чагы белгилүү манасчылардын бардыгында негизинен үндөш, жакын, окшош деген бүтүм чыгаруу туура болор. Бул бөлүмдөгү салттык-сюжеттик мотивдер айтуучунун шыгына, талантына, көз карашына жараша айрым бир сюжеттик өзгөчөлүктөр менен

коштолот. Бирок салттык-сюжеттик мотивдердин маани-маңызы, формасы, көркөм ыкмасы, жалпыга белгилүү баатырдык эпоско мүнөздүү традициясы бекем сакталганына күбө болобуз. Ал эми М.Чокморовдун вариантындагы мифтик-диний мотивдер, В.М.Жирмунский адилеттүү баса белгилегендей, кийин кирген катмар катары бааланууга тийиш. Эпостун баатырдык духуна, идеялык-мазмунуна анча олуттуу таасир этпейт деген ойдобуз.

«Манас» эпосунун сюжеттик өзгөчөлүктөрүн ачуу - атайын терең илимий иликтөөнү талап кыла турган олуттуу маселе.

Адабияттар:

1. Айтматов Ч. «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу». Китепте: “Манас”, Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. 1-китеп -Ф.,1978.
2. Жирмунский В.М. Народный героический эпос. -М.,1962. - 287-бет.
3. Жирмунский В.М. Введение в изучение эпоса «Манас». -М., 1962.
4. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. -Л., 1974.
5. Кыдырбаева Р.З. Генезис эпоса «Манас». -Ф:, Илим, 1980. - 278-бет.
6. Кыдырбаева Р.З. Сказительское мастерство манасчи. -Ф., 1984.
7. Кыдырбаева Р.З. Эпос «Манас»: генезис, поэтика, сказительство. -Б., 1996. - 393-бет.
8. Кыргыз адабиятынын тарыхы 1, 2, 3-том. -Б., 2002.
9. «Манас» Кыргыз элинин баатырдык эпосу 1-китеп /С.Каралаевдин варианты боюнча -Ф.: Кыргызстан, 1984.
10. «Манас» Кыргыз элинин баатырдык эпосу 2-китеп /С.Каралаевдин варианты боюнча – Ф.: Кыргызстан, 1986.
11. «Манас» Кыргыз элинин баатырдык эпосу 1-китеп /С.Каралаевдин варианты боюнча – Б.: Кыргызстан, 1995. - 446-бет.
12. «Манас» Кыргыз элинин баатырдык эпосу. 1-китеп /С.Орозбаковдун варианты боюнча -Ф.: Кыргызстан, 1978. - 295-бет.
13. «Манас» Кыргыз элинин баатырдык эпосу. М.Чокморовдун варианты боюнча. -Б., 1995. - 334-бет.
14. “Манас” кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча академиялык басылыш. 1-китеп -Бишкек: Кыргызстан, 1995. - 566-бет.